Бекитемин:
Ысык-Көл индустриалдык
педагогикалык колледжинин
директору Б.А. Жумабаева
_______________

## "Жаш педагогдордун кесиптик чыгармачылыгын өнүктүрүү" сынагынын
## ЖОБОСУ

**1. Жалпы сынагынын жобосу:**

1.1. "Жаш педагогдордун кесиптик чыгармачылыгын өнүктүрүү" сынагы Ысык-Көл индустриалдык педагогикалык колледжинде өткөрүлөт.

1.2. **Сынактын максаты-** жаш педагогдорду сыноо мөөнөтүнөн өткөрүү, шыктандыруу, колдоо көрсөтүү, кесиптик жактан өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүү.

1.3. **Сынактын милдеттери:**

-педагогикалык кесипчиликтин кадыр-баркын көтөрүү жана даңазалоо;

-жаш педагогдордун методикалык деңгээлин жогорулатуу;

-окуу-тарбия процессинде инновациялык ыкмаларды ишке ашыруу жана изденүүдө жаш педагогдорго мотивация берүү;

-эксперименталдык жана инновациялык ишмердүүлүктө педагогикалык кайраттуулукту жана өз алдынчалуулукту өнүктүрүү;

-жаш педагогдордун чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн жана кесиптик көз-караштарын активдештирүү;

-жаш педагогдорго методикалык колдоо көрсөтүү;

**2. Сынактын шарттары жана өткөрүү жолдору:**

2.1. Шарттары:

-сынактын шарттарын иштеп чыгуу жана сынактын катышуучуларына маалымат берүү ;

-сынактын өткөрүү тартибин көзөмөлдөө;

- сынактын калыстар тобун түзүү;

-сынактын жыйынтыгын чыгаруу;

-сынактын жеңүүчүлөрүн сыйлоо;

2.2.**Калыстар тобунун мүчөлөрү:**

Калыстар тобунун төрагасы: Жумабаева Б А - директор ЫКИПК

Калыстар тобунун мүчөлөрү:

Сагындыкова Н Д - директордун ОТИ боюнча орун басары;

Мамбетова А Б - инспектор-методист;

Исакова С М - насаатчы мугалим;

Курманбекова Б К - профком;

Кожорова Н. Б - окутуучу;

Омурова К А - Мамлекеттик тил боюнча дирек. орун басары.

2.4. Сынактын катышуучулары:
Сынакка жаш педагогдор катышат.
2.5. Сынактын өткөрүлүүчү убагы:
Сынак 2020-жылдын 7- 11 декабрь айында өткөрүлөт.
2.6. Бекитилген график боюнча өткөрүлөт.
2.6. Сынактын этаптары:

**1-этап « Суроо-жооп »**

Берилген суроолорго жооп берүү ( педагогика, психология, педагогикалык ситуациялар, билим берүү закондору боюнча)

**2-этап «Кесиптик-сабак»**

Бул этапта 2 сабак даярдалат:
1-сабак- кесиптик сабак (техникалык каражаттарды колдонуу менен офлайн түрүндө сабак өтүү) ;
2-сабак - тарбиялык ачык видео-сабак;

**3-этап «Хобби»**

Конкурстун катышуучулары алдын-ала өзүнүн хоббиси жөнүндө видео даярдап, алып келүүсү.

**4. Сынактын жыйынтыгын чыгаруу:**

Сынактын жеңүүчүсү болуп эң көп балл топтогон катышуучу болуп саналат.
Сынактын аягында 3- орун ыйгарылат:
1-орун;
2-орун;
3-орун;

**5. Сынактын жеңүүчүлөрүн сыйлоо:**

1- орун - 1 даражадагы диплом;
2-орун - 2 даражадагы диплом;
3-орун- 3 даражадагы диплом;

ОМК тарабынан түзүлдү.

Методист: Мамбетова А Б